*Юбилейге карата!*

1973- 50 жыл 2023

**2023-жыл** – И.Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институту үчүн – маарекелик жыл. Кыргыз Республикасынын жогорку авиациялык окуу жайы, түзүлгөндүгүнүн 50 жылдык маарекесин белгилейт.

50 жыл аз убакыт эмес, ушул жылдардын аралыгында биздин окуу-жай жарандык авиациянын окуу-усулдук борбору катары түзүлдү, өзүнүн илимий ишмердүүлүгүн түптөдү, материалдык-техникалык базасын жакшыртып жана бекемдеп жатат, бир кыйла окуу даярдоо багыттарын жана адистиктердин санын кеңейтти.

Институттан алган теориялык жана фундаменталдык билимдердин негиздери бүтүрүүчүлөргө ийгиликтүү карьера түзүү жана жарандык авиация тармагында алдыга коюлган максаттарга жетүүгө шарт түзөт. Бүгүнкү күндө биздин бүтүрүүчүлөр Кыргызстанда эле эмес, көптөгөн мамлекеттерде жана бардык континенттерде жетекчилик кызматтарды ээлешип, дүйнөлүк жарандык авиациянын өнүгүшүнө салым кошуп, эмгектенип жатышат.

Буга өз өлкөсүнүн патриоту жана өз кесибинин мыкты адиси катары, институт тарыхында түбөлүк жазылып калчу институттун ынтымактуу жамаатынын, ардагерлердин, бардык аң-сезимдүү өмүрүн илимге, билим берүүгө арнашкан окутуучулардын жана кызматкерлердин, жумушчулардын, студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн салымдары зор.

Урматтуу достор, маарекелик окуу-илимий, усулдук жана салтанаттык иш-чараларга катышып жатканыбызга биз абдан кубанычтабыз жана сыймыктанабыз.

Мен ишенем, Маарекелик жыл баарыбызга келечекке ишеним менен кароого шарт түзгөн, жаркын, маанилүү окуялар жана иштер менен баарыбыздын эсибизде калат.

**Урматтоом менен жана коллективдин атынан,**

**Директор, техника илимдеринин кандидаты,**
**доцент, КАИнин профессору** **У.Э.Курманов**